**Баяндама**
**Кочкорбаев айыл аймагынын 2020-жылдагы социалдык-экономикалык өнүктүрүү планын аткарылышы жөнүндө**

Кочкорбаев айыл аймагы: Буденновка, Кенеш жана Доктурбек Курманалиев айылынан туруп, анда 1670 түтүн жайгашып, 7515 адам жашайт. Анын ичинде:
Буденовка айылында - 945 түтүн, 3304 калк
Кенеш айылында – 559 түтүн, 3063 калк
Д. Курманалиев айылында - 166 түтүн 1148 калк жашайт.

Эмгекке жарамдуу калктын жалпы санынын: 44% айыл чарба өсүмдүктөрүн өстүрүү, 30% мал чарбачылыгы, 12% ишкердик менен, 5 % соода жана тейлөө чөйрөлөрүндө, 9% түрдүү мекемелердин кызматкерлери болуп эмгектенет.

Айыл аймагында 2 мектеп, 1 бала бакча, 1 үй бүлөлүк даарыгерлер тобу, 2 ФАП, 2 китепкана, 1 маданият үйү, 2 суу пайдалануучулар жамааты, 4 суу мунарасы, 2 балдар ойноочу жай, 1 турмуш тиричилик үйү бар.

Айыл өкмөтүнүн аппаратында штаттык расписание боюнча 16 жооптуу кызматкер болсо, иш жүзүндө 15 кызматчы иштейт, анын ичинен 8 адис жогорку билимдүү жана 7 адис атайын орто билимдүү. 1 адиске Муниципалдык кызматкер класстык чини берилген. Айылдык Кенеш -21 депутаттан турат., 1 жооптуу катчы

Кызматкерлердин арасында жоопкерчиликти жогорулатуу жана иштин сапатын камсыздоо максатында кызматтык милдеттер так бөлүштүрүлгөн. Айыл өкмөтү өзүнүн ишинин негизин келечектеги жана учурдагы пландарга ылайык уюштурат.

Айыл өкмөтүнө жыл ичинде тургундардан 105 арыздар жана кайрылуулар түшкөн. Алар өз учурунда каралып тиешелүү адистерге тапшырылып, туура чечимдер кабыл алынган. Булар ар түрдүү суроолор боюнча кайрылгандар болду:

Жер жана жер пайдалануу маселелери – 36 жаран
Материалдык жардам сурап кайрылган жарандар – 65 жаран
Экология, жаратылышты коргоо маселелери – 2 жаран
Ар кандай маселелер боюнча-2 жаран кайрылган.

Ар бир жарандын арызы канааттандыраалык деп табылып, ишке ашырылып, арыз ээлерине жооп берилген.

Ал эми Жарандык абалдын актыларын каттоо (ЖААК) бөлүмү тарабынан берилүүчү документтерден айыл аймагынын тургундарына жыл ичинде төмөнкүдөй документтер берилди:

Нике тууралуу күбөлүк – 9
Туулгандыгы тууралуу күбөлүк -14
Өлгөндүгү тууралуу күбөлүк-4

Бул документтердин баары өз учурунда жазылып берилди.

Ал эми жыл ичинде айыл өкмөтү тарабынан тургундарга 4977 маалымат баракчасы (справка), 68- ишеним кат берилди. Айыл өкмөтүндө 140 чечим,